КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

talaskenesh@mail.ru

talaskenesh@mail.ru

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезектеги XXXV сессиясынын №248/35-8 ТОКТОМУ

**18-июнь,2024-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарындагы Талас район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санэпидкөзөмөлдөө борборунун жана Талас райондук ветеринардык башкармалыгынын жалпы ишмердүүлүгү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 1-бөлүмү, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2024-жылга карата түзүлгөн иш планы, Талас райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун 04.04.2024-жылдагы №01-3-77 сандуу жана Талас райондук ветеринардык башкармалыгынын Талас шаардык бөлүмүнүн 29.04.2024-жылдагы №01-6/205 чыгыш сандуу каттарынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Социалдык маселелер боюнча" туруктуу комиссиясынын протоколун жана корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун (Ч.Сагындыкова) жалпы ишмердүүлүгү "канаттандыраарлык" деп табылсын.
2. Талас райондук ветеринардык башкармалыгынын Талас шаардык бөлүмүнүн (Ж.Найзабеков) жалпы ишмердүүлүгү "канаттандыраарлык" деп табылсын.
3. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу Депутаттардын Талас шаардык кенешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Депутаттардын Талас шаардык кенешинин "Социалдык маселелер боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Т.Жумабеков) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**